# ÜLKÜMÜZ

ISSN: 1694-5034

Yıl: 3 Sayı: 6

Aralık - 2006

İKTİSAT VE GİRİŞİMCİLİK ÜNİVERSİTESİ

TÜRK DÜNYASI FAKÜLTELERİ

TÜRK DÜNYASI ARAŞTIRMALARI VAKFI

**SEMPOZYUM BİLDİRİLERİ**
**CİLT 2**

CELALABAD-KIRGIZİSTAN

АКСЫ ӨРӨНӨНҮНДӨГҮ ЫЙЫК ЖАЙЛАРДЫН АТАЛЫШТАРЫ ТУУРАЛУУ

*В.Э. АНАРБЕКОВА - М.У. АЗИМОВА* ........................................ **321**

**ИНДИВИДУАЛИЗАЦИЯ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ПОДГОТОВКИ - ПУТЬ К МОДЕРНИЗАЦИИ ВЫСШЕЙ ШКОЛЫ**

*К.Ф. ТЕШАБАЕВА* ........................................ **327**

КЫРГЫЗСТАНДА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК НИКЕЛИК МАМИЛЕЛЕРДЕГИ УКУКТУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ПРОБЛЕМАЛАР

*А.М. КӨКӨЕВА* ........................................ **331**

ЧАТКАЛ ӨРӨӨНҮНДӨ БАЙЫРКЫ ТҮРК ДООРУНДАГЫ ЭСТЕЛИКТЕРДИН ИЗИЛДЕНИШИ

*Н.С. МЫРЗАБАЕВА- Б.М. ДОСБАЕВА* ........................................ **335**

**КЫРГЫЗСТАН В БОРЬБЕ С МЕЖДУНАРОДНОЙ ПРЕСТУПНОСТЬЮ**

*Ф.А. БАЛТАБАЕВА- А. МЫРЗАКУЛОВА* ........................................ **341**

**ОБ ОСОБЕННОСТЯХ И ЭТАПАХ ИСТОРИИ КЫРГЫЗСКОЙ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ**

*С. СМАДИЯРОВ* ........................................ **345**

КЫРГЫЗДАРДЫН ЭЛДИК ЭПОСУ «МАНАС» - КӨӨНӨРГҮС АСЫЛ МУРАС

*Т.Ы. ЭШКОЖОЕВ* ........................................ **349**

РЫНОК ЭКОНОМИКАСЫНА ӨТҮҮДӨГҮ ЖАЛАЛАБАТ ОБЛУСУНУН АЙЫЛ ЧАРБА ТАРМАГЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮНҮН ПРОБЛЕМАЛАРЫ

*Б.М. ТУРДУБЕКОВ- Д.Ш. ЖОЛБОЛДУЕВА-*
*Б.А. АШИРАЛИЕВА* ........................................ **353**

**ДЕЛОВОЙ ИМИДЖ И КАРЬЕРНЫЙ УСПЕХ МОЛОДОГО СПЕЦИАЛИСТА**

*Т.Н. АКБУЛАЕВА- Н.Т. КАЛМАТОВА* ........................................ **359**

**ИСПОЛЬЗОЕАНИЕ БУХГАЛТЕРСКИХ ПРОГРАММ - КЛЮЧ К ЭФФЕКТИВНОМУ УПРАВЛЕНИЮ**

*Т.А. КАДЫРОВ* ........................................ **369**

**ГЕНДЕР В МЕНЕДЖМЕНТЕ ИЛИ ГЕНДЕРНЫЙ АСПЕКТ УПРАВЛЕНЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ**

*А.Б. АЙТИКЕЕВА* ........................................ **379**

**ДЕЛОВАЯ ЭТИКА В ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВЕ И ТУРИЗМЕ**

*Кадырбаева Гульнара ТУРСУНБАЕВНА* ........................................ **383**

# АКСЫ ӨРӨНӨНҮНДӨГҮ ЫЙЫК ЖАЙЛАРДЫН АТАЛЫШТАРЫ ТУУРАЛУУ

## В.Э. АНАРБЕКОВА - М.У. АЗИМОВА*

*On this clause is considered (examined) sacred places, which are located in a Southern part of Kyrgyzstan, in Jalal-abat area of Aksy region: Pacha - Ata, Imam - Ata, Shudugor - Ata, Baba-Ata, and other monuments. All these ethnographic materials were assembled from the local people. Unique monuments are reflected in national medicine, national songs, and ritual rites in basic their etymology is paid.*

Элдин өткөн тарыхын, чарбачылыгын, маданиятын изилдөөдө жер-суу аттарына көңүл буруунун мааниси чоң. Анткени, жалпы эле Кыргызстандын территориясындагыдай эле Аксы өрөөнүндөгү жер-суулардын аталыштары да тарыхый шарттарга байланыштуу өзгөрүп келген. Бул маселени колго алган айрым илимпоздор тарабынан топонимикалык талдоо жүргүзүлгөн бир катар салмактуу эмгектер жаралган. Ошондой болсо да ыйык жайлар менен мазарлардын аталыштарын чечмелөө багытындагы аракеттер жеткиликтүү даражада жүргүзүлбөй келет. Мындай ыйык комплекстердин катарына Жалалабат областынын Аксы өрөөнүндө жайгашкан Тоскоол-Ата, Бозбу-Ата, Каракыз-Эне, Пача-Ата (Падыша-Ата), Имам-Ата (Ымам-Ата), Баба-Ата, Шүдүгөр-Ата жана башка эстеликтерди кошсо болот.

Ушундай географиялык аталыштардын этимологиясын териштирүүдө тарыхый фактыларды, ошол территорияда жашаган калктардын миграциясын, тилдик өзгөчөлүктөрдү эске алып, ар кандай топономикалык легендаларга этияттык менен мамиле кылуу керек экендигин Э.М.Мурзаев, А.Л.Дулнзон, А.И.Попов, А.К.Синицев өз эмгектеринде эскертишет. Анткени көп учурларда географиялык аттарды айтууда маанисин жоготуп койгон учурлар кездешет. Демек, биринчиден жердин жаратылыш өзгөчөлүктөрүнө карата ат бирөө неги-

* ЖаМУ Жалалабат / Кыргызстан.

зги орунду ээлесе; экинчиден-кимдер ошол ээликте биринчи туруп жашагандыгына карата ат коюсу көбүнчө колдонулат; үчүнчүдөн-диний көз караштарга, табынып-сыйынууга байланыштуу тотемдик символикалык ат берүү бөтөнчө күчтүү болгон.

Жергиликтүү эл арасында узак убакыттардан бери айтылып келген көп кырдуу уламыштардын дээрлик көпчүлүгү азыркы Ала-Бука районунун Гулистан айылындагы (1976-ж чейин Мазар деп аталган) илимпоздор арасында архитектуралык курулушу боюнча талаш-тартыш маселени туудурган Сафед-Булан (Шах Фазил) күмбөзүндөгү болгон окуя менен байланыштырылат. Окуянын кыскача мааниси; Мухаммед пайгамбардын небереси Мухаммед хазрет Шах и Жарир (Шах Жалил) өзүнүн түмөн кол аскери менен Ферганага ислам динин таркатуу максатында келген. Жергиликтүү элдин (кыпчак, кыргыз, тажик) башкаруучусу Карван-бас (Карван-ас-Ахшид) Шах Жалил менен мамиле түзүп өзүнүн кызы бүбү Убайданы (Убайда боним) алып берүү менен жарашуу келишимине жетишүүгө чечим кылат. Ошентип, ал күйөө бала болуп калат. Арап жоокерлери курал-жарактарын жума намазында гана чече тургандыгын ж.б. сырларын кызына кошуп берген кызматкерлери аркылуу ислам дининин таанылышына каршы болгондор билип алат да, айт намазы окулуп жаткан мезгилде күтүүсүздөн кол салып 2700 аскердин башы кесилген. Аман калган аскерлери жакынкы тоолуу аймактарга качып, жарадар болуп Меккеге жете албай каза болгон жерлери Пача-Ата, Баба-Ата, Имам-Ата жана Шудүгөр-Ата болуп алардын атынан аталып калган делет.[1]

Ал эми Сафед-Булан жөнүндөгү айтылган уламыштар XIII к Джемалң Карши, XVIII к. «Шах и Жарир» поэмасында, Н.Шербина-Крамеренко, Н.Брянов, В.П.Наливкин, XX кылымда кыргыз жер иштетүүчүлөрдөн архивдик материалдарында П.Е.Кузнецов, Б.Д.Кочнев, В.В.Бартолнд, А.Н.Бернштам, В. Д.Горячева, Б.Н.Засыпкин жана Ю.Г.Петраш сыяктуу илимпоздордун эмгектеринде изилденген.

Эл арасында айтылып жүргөн уламыш маалыматтарынын реалдуулугуна көз жүгүртсөк: Карван-ас-Ахшид Аксы районунун борбору Кербендин башкаруучусу болгон деп айтылат. Ал эми Н.Бряновдун изилдөөлөрүндө; Ферганаңын башкаруучусу Ахшиддин (Ихшид) резиденциясы Касанда болгон жана Мамайдын башкаруучусу Керван-бастын аскерлери Шах Жалил башчылык кылган араптар менен болгон согушта Чанач-Сайдын жээгиндеги токойго жайгашып, бирок араптардан (VII к. аягы) жеңилип калгандыгы жөнүндө маалымдайт.[2]

Айтымдарда жергиликтүү элдер кыргыз, тажик, кыпчактар деп айтылат. Илимий изилдөөлөргө таянсак, В.В.Бартолнд араптар Ферганага келген мезгилде анын түндүк бөлүгүндө муг уруулары жашашкан. Алардын чептери Касанда (Мугтепе, Мугкурган) жана Мамайда (Мугтепе), ал эми мүрзөлөрү болсо тоолуу Чаткал жана Чаначсай өрөөндөрүндө таштан күмбөз-корумдары сакталгандыгын баяндайт. Демек, VII к. жергиликтүү эл кыргыз, тажик, кыпчактар эмес муг уруулары болгон жана алар араптар менен эмес Ферганаңын түндүк бөлүгүндө отурукташкан түрктөр менен салгылашкан. Себеби, жазуу булактарында 627-649-жж түрктөр Ферганадан жергиликтүү ихшиддерди (ферганалык башкаруучунун ооздон оозго айтылып «Ахшид» д.а) өлтүрүп, Касан шаары түрк династиясынын резиденциясы болгон.

Орто кылымдагы Чыгыш авторлорунун маалыматтарына караганда Касан жана Уресттин (Ферганаңын түндүк бөлүгү) акыркы башкаруучусу саманид Нух-ибн-Асад болгон. Жергиликтүү эл менен араптардын ортосунда айыгыш-

[1] Информатор. Жалолдинова Мадина. Алабука районуу, Гулистан айылы. 2003.
[2] А.Н. Бернштам. Архитектурные памятники Киргизии. - М., 1950. С. 42-43.

кан согуштун натыйжасында ислам дини X кылымда гана үстөмдүк кылуучу
динге айлана баштаган. В.В.Бартолнд дагы ушул ойду ырастап Ферганага ис-
лам дини IX-X к.к. гана таркай баштаганын айтат. Ал эми күмбөздөрдүн
курулушу жөнүндө айтылган пикирлер алардын караханиддер дооруна таандык
деп айтышканы менен бул күмбөздөрдүн ичиндеги эпитафиялык жазуулар XIV
к. аягына таандык экендигин далилдейт. Ошентип, бул эстеликтер тууралуу
изилдөөчүлөр арасында бирдиктүү пикир жок.
Райондун борбору Кербендин түштүк-чыгышында болжол менен 50-60 км
алыстыкта жайгашкан Аксуу кыштагынын Мазар деген участогунда орто кылы-
мдарга таандык Имам-Ата (Мукрама) деп аталган мазар бар.
Ал бүгүнкү күнгө чейин эки ат менен аталып келет «Имам-Ата» жана «Мук-
рама» деп. «Имам» деген сөз арап тилинен которгондо «алдыда туруучу» тагы-
раак айтканда мусулмандардын диний жетекчиси, насыятчы; «Мукрама», «Ук-
рама» - арап тилинде «улуулук, улуу даражалуу» деген мааниде[3]. Ал эми
«ата» деген сөздү К.К. Юдахин географиялык аталыштарда «жердин ыйыктыг-
ын» билдирүү иретинде колдонула тургандыгын айтат[4]. Мындан улам эл ара-
сында бул ыйык жайга келип сыйынган адамдын мансаптык даражасы жогору-
лайт деген ишеним калган. Күмбөз эл жашаган пунктка жакын жана баруу жо-
лу оңой болгондуктан Фергана өрөөнү боюнча зыяратчылар арбын. Ал эми
жергиликтүү элдер ал жерде ритуалдык салттарын аткарышат. Күмбөз бышкан
кыштан салынган анча чоң эмес имарат. Кирпичтердин калыңдыгы бирдей эмес
4,6-5,5 см, узундугу 34,5 см, туурасы 12-13см. алардын ортосуна ылай жатка-
рылган, ийилген кирпичтер сомдолгондой. Төрт бурчтуу аянтынын туурасы 7
м, узундугу 10,5 м. Сагана күмбөздүн дал ортосунда эмес төр тарабына, узуну-
нан батышты карай коюлган. Анын туурасы -1,60 м, узуну -2,39 м. Имараттын
ичинде эки кайрак таш бетине жазылган жазуу бар. Биринчи жолу 1979-жылы
эпиграф Ч. Жумагулов, ал эми экинчи жолу 1980-ж аягында проф. В.М. Плос-
ких жана К. Айдаркуловдор жетекчилик кылган экспедиция уюштурулуп өлчө-
мү 90х37 см келген 9 саптан турган диакриттик белгилери менен даана, так
арап тамгаларында жазылган бир эле кайрак таш бетиндеги жазуунун көчөрмө-
сүн жасаган. Ал эми экинчиси ошол мезгилде белгисиз жоголгон. 2003-жылдын
29-мартында Аксай айылынын тургуну акын-жазуучу Чомонов Алишер агай ме-
нен бирге 1,16х24 см келген эки кайрак ташты эстамп-прорисовка жасап 2004-
жылдын июнң айларында Ч. Жумагуловго берилди. Азырынча окула элек эгер-
де андагы жазуу окулса эстелике дагы тактоо киргизилишине шек жоктур.
(А.В). I-текст Ленинград Мамлекетик Университетинин чыгыш таануу факулн-
тетинин профессору А.Т. Тагирджанов тарабынан окулган. Ал төмөндөгүчө ба-
яндалат:
А.Н. Бернштам XVIII-XIX к.к. таандык мазарларды класификациялоодо
куполу конус түрүндөгү күмбөздөр Кыргызстандын тереториясында басымдуу-
лук кыларын белгилеген. Бул мазар дагы түзүлүш өзгөчөлүгү боюнча ушул
клацификацияга туура келет. Ал эми археолог В.Д. Горячева архитектуралык
курулушу боюнча үстү жарым шаар түрүндөгү курулуштарды караханилерге
таандык деп эсептейт. Мындан улам бул эстеликтер жөнүндө изилдөөчүлөр
арасында бирдиктүү пикир жок.
Күмбөз жайгашкан айыл Мазар деп аталат. Лингвистикалык изилдөөчүлөр
арасында «мазар» деген сөз тилдин келип чыгуусу боюнча талаш-тартыш масе-
лени туудурат. Биринчилер (С.И. Илнясов, 1945., А. Абдырахманов, 1965., В.
И. Чернышев, 1946) арап, экинчилери (Э.И. Фазылов, 1971, Э.Г. Беккер,

---

[3] К. Карасаев. Накыл сөздөр. - Бишкек. 1990, 55-66.

[4] К.К. Юдахин. Русско-киргизский словарң.

1982) иран тилинен келип чыккан дейт негизинен мазар деген сөз «ыйык жер» деген маанини түшүндүрөт.

Кийинки эстеликтердин бири Шудугөр ата мазары. Ал Афлатун айылынын түндүк чыгыш бөлүгүндө болжол менен Каравандан 15-17 км. алыстыкта жайгашкан. Ыйык жердин аталыш этимологиясына кайрылсак;

1. К.К. Юдахиндин котормосунда «шүдгер» - түштүк иран тилинде «жер алдындагы буу»[5];

2. кээ бир котормолордо «шүдүгер» - чөп калың өскөн жер;

3. «шүдүгер» монгол тилинде - «.гер, хээр» - ачык талаа деп чечилет.[6]

Бирок мазар жердин географиялык абалына жараша да аталышы мүмкүн. Бүгүнкү күндө жергиликтүү эл мазардын айланасында чөп чабык иштерин жүргүзүшөт жана көзү ооруган, денесин жараат баскан оорулар сыйынышып андагы аккан көз булак суусуна көзүн жуушуп, анын боорундагы топурактан ылай жасап жараатка сүртсө сакайып кетет.

Ушундай ыйык жерлердин бири Пачата (Падышата) күмбөзү райондун борбору Кербендин түндүк - батышында 27 км алыстыкта Кашкасуу айылында жайгашкан. Бир эле күмбөздүн эки ат менен аталып калышынын себеби, айтылган уламыштарда арап сахабасы Шах Жалил согушка кетип жатып кеңешчиси Саид Камал ад-дин Салңмани алң-Фарисини убактылуу такка отургузуп кетет. Ошол себептен ал «Падышата» деген атка конгон. Ал дүйнөдөн кайткандан кийин Кашкасуунун бөюна коюлуп күмбөз тургузулган. Күмбөз алң-Фарисинин экинчи аты менен Падышата деп да аталып калган.[7]

Ал эми Абу Абдаллах Мухаммед ибн Исмаил (Алң-Бухари 818-870-жж) Алң-жами ас-сихих (Подлинный сборник) деген хадисинде[8] жана 2002-жылы Бишкектен жарык көргөн «Жизнеописание сподвижников пророка Мухаммеда»[9] деген китептерде Мухаммед пайгамбардын сахабаларынын бири Салмани алң-Фарисинин перс уруусунан чыккандыгын, Асбахан провинциясынын Джаян деген кыштагында (туулган жылы көрсөтүлбөгөн) туулгандыгы тууралуу, кийинчерээк Аравияда жашагандыгы, ислам динин кабыл алгандыгы жөнүндө айтылат. Анткени менен бул китептерде алң-Фарисинин Борбордук Азияга же Фергана өрөөнүнө келгендиги же жашагандыгы тууралуу маалыматтар берилген эмес.

2003-жылдын 19-сентябрында күмбөздүн ичинен табылган кыш плитадагы араб сымал алфавитиндеги жазуу эстамп-прорисовколанып эпиграф Ч. Жумагуловго берилди. Балким ал жазуу окулганда тарыхый чындык болоор.

Азырынча бул диний маалыматтардан тышкары ал тууралуу эскерүүлөрдү башка булактардан кезиктире элекбиз. Күмбөздүн аталышын чечмелесек падыша деген сөз байыркы перс тилинде «Падишах»-«пати»-өкүмдар, мырза жана «шах»-государң[10]; деген сөзүнөн алынган. Ал эми «Пача» сөзу илимий көз караштагы топонимдик чечмелөөлөрдү монгол, алтай, тува тилдеринде «пха, пея»[11] лес за лесом деген сөздөрдөн алынып дарак, токой, тагыраак айтканда «токойлор артында токой» деген маанини түшүндүрөт. Кашкасуу айылы «Па-

---

[5] К.К. Юдахин. Киригзско-русский словарң. Фрунзе, 1985, С. 415.

[6] К.К. Конкобаев. Попонимия Южной Киргизии. - Фрунзе., 1980. С. 70. Монголнско-русский словарң. - Москва., 1957, С. 125.

[7] Информатор. Мамадалиева Суйорку. 2003.19.09.

[8] алн-Бухари. Алң джами ас-сахих. - Ташкент., 1997. Т. 2.

[9] Жизнеописание сподвижников пророка Мухаммеда. - Бишкек., 2002. С. 69-75.

[10] Болңшая Советская энциклопедия. - Москва., 1978. Т.8.

[11] К.Конкобаев. Топонимия южной Киргизии. - Фрунзе., 1980.

чата» айылы деп да аталат. «Кашка» деген сөздү чечмелесек; - элдик эпикалык
чыгармаларда жоокердик термин-аскер жетекчиси, өнчөй баатыр эр жүрөк чо-
ролорду көй кашка деп аташкан: - тайманбас, бетке айткан, улуу адамдан ий-
менбеген ургаачы: өңдү-түстү билдиргенге карата айтылып (мисалы, тору каш-
ка): - жер-суу аттарына карай - тунук жана муздак дегенди түшүндүрөт. Мын-
дан улам жердин аталышы андагы кашкайып тунук аккан суудан улам айтыл-
гандыр. Ошондой эле Кашкасуунун жаратылышы тоо кучагындагы абдан кооз
токойлуу жер. Андыктан жогоруда каралган эки топоним бирдей эле маанини
берет (А.В).

Кийинки эстеликтердин бири Баба-Ата мазары. Негизинен Итагар айылы-
нан Баба ата мазарына болжол менен 20-30 км алыстыкта баруу жолу өтө ыңга-
йсыз, бирок абдан кооз жердеги бийик дөнсөөдө жайгашкан. 2004-жылдын ию-
лң айларында мазардын шайыгы Абдимамат Кадыр аксакалдын айтып берүүсү
боюнча: ал жерге Бабауд-дин Сайфи ад-дин деген ыйык киши көмүлгөн дейт. I-
Амур Темур, II-жолу Кудаяр хан бышкан кыштан күмбөз тургузган имиш, би-
рок ал урап калыптыр. III-жолу 1957-жылы жазында Өзбекстандын Кызылйаз
деген жеринен келген шайык Мухарам буба жөнөкөй ылайдан сарай сыяктуу
кылып кабырдын үстүн жапкан экен. Ошондон бери урабаптыр.[12] Бөлмөнүн
аянтынын туурасы-5 м, узуну-2,15 м, туурасы 1,50 м. Төбө секиче сыяктуу,
туурасы-26,6 см, узуну-50 см, бийиктиги-36 см, 4 мм. Саганага ар дайым ак ма-
териал жабылып турат.

Эстеликтин этимологиясына токтолсок: Баба-улуу, чон ата, аталардын улуу-
су, ыйыгы (түпкү ата, аталардын атасы). Мындан улам ушул жерде жашап өт-
көн жана жашап келе жаткан элдердин мүмкүн аталары өткөндүктөн, ошолорд-
ун атынан аталып калса керек.

X-XI к.к. ислам динин таркатуучу дербиштер өз доорундагы агартуучу
адамдар болгон. Эл сыйлаган, жергиликтүү элдердин түпкү атасы, чон ата-
ларынын бири болуусунда шек жок. Себеби, калк сыйлаган кадыр-барктуу
адамдар кайтыш болгондо анын сөөгү эл, мал көп жүрбөгөн тебеленди жерге
коюлбастан, журт сыйлаган, урматтаган бийик сыйлуу жерге коюлган. Көбүнчө
Бозбу тоосун ыйык деген.

Негизинен ал жерге бала тилеп келгендер сыйынышат. Андагы «бала бу-
лак» деп аталган булакка колун салып эмне чыкса ошону алган. Эгерде кыз
болсо - мончок, шуру; ал эми эркек бала болсо тыйын ж.б нерселер чыккан.
Бүгүнкү күндө «бала булакты» балыр басып кеткен.

Демек, жогоруда каралган ыйык жер аттары монгол, алтай, тува, перс жана
араб сөздөрү кыргыз тили менен айкалышып жердин географиялык абалына
жараша коюлган айрым топоминдик аттар менен төп келишет.

Жергиликтүү коомчулукта ыйык жайлардын таасири күчтүү болгондуктан,
алар элдик ырларга да айланган.

Баш тилесең - Баба-ата,
Мал тилесең - Паша-Ата,
Төбөсүндө көлү бар,
Тулпар ойноор төрү бар,
Айланайын Бозбу-Ата.

Ошону менен бирге элдин эң сезиминде жана дарыгерлердин дарымдоо сөз-
дөрүндө (ыкмаларында) алар касиетүү колдоочу, ооруну айыктырууга жардам
берүүчү күч катары колдонулат. Аксыдагы ыйык жайлардын пайда болушу,
алардын аталыштары элдин диний ишенимдерине байланыштуу керектөөлөрдө
канаттандыруудагы аткарган милдети жөнүндө эл арасынан топтолгон матер-

---

12 Информатор. Абдимамат Кадыр. 2004.

иалдар өрөөндү тарыхый-этнографиялык жактан изилдөөдө баалуу булак катары кызмат кылат. Ошондуктан региондун топонимикасы илимпоздордун көз жаздымында калбай турган орчундуу маселелердин бири деп эсептейм.

**Колдонулган адабияттар.**


1. Абдимамат Кадыр. Аксы району, Итагар айылы.
2. Алн-Бухари. Алн-жами ас-сахих. Ташкент, 1977, т.2.
3. Абдырахманов А. «Отражение этнонимов в топонимике Казакстана». Всесоюзная конференция по топонимике СССР. Л. 1965.
4. В.В. Бартолщ Сочинения. М., 1973. Т-3. 528-529-беттер.
5. А.Н. Бернштам. «Архитектурные памятники Киргизии». М., 1950. 42-43-беттер.
6. Н.О.Брянов. О следах древнего города Касана в Ферганской области. ПТКЛА за, 1898-1899 гг. т. 1899. 148-149-беттер.
7. В.Д. Горечева Средневековые городские центры и архитектурные асамблеи Киргизии. Фрунзе, 1983. 118-119-беттер.
8. Ч. Жумагулов. Эпиграфика Киргизии. Ф., 1971. 68-беттер.
9. Жамалдинова Мадина (информатор), Алабука району, Гулистан айылы.
10. Чомонов Алишер (информатор). Аксы району, Аксуу айылы.